## *ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУ*

***Иманкулов Эрболот Амантаевичтин 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы диссертациясына***

Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиянын мүчөсү юридика илимдеринин доктору, доцент Камытов К.Т. изденүүчү Иманкулов Эрболот Амантаевичтин кандидаттык диссертациясын карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет:

### *1. Эмгектин адистикке ылайыктуулугу.*

Иманкулов Эрболот Амантаевичтин коргоого сунушталып жаткан "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы кандидаттык диссертациясы юридика илиминин кандидатынын окумуштуулук даражасын берүү боюнча Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет жана 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча паспортко толугу менен жооп берет.

### *2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.*

Конкреттүү административдик ишти кароодо сот ар түрдүү процесстик маселелерди чечет, административдик иштин баскычтан баскычка карай кыймылына жетекчилик кылат. Бул процесстик иш сот аныктамалары менен жол-жоболоштурулат.

Сот чечими – бул апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттун сот актысы болуп саналат жана аны менен административдик иш коюлган административдик доонун маңызы боюнча чечилет. Сот актысында конкреттүү административдик иш боюнча жүргүзүлгөн сот адилеттигинин жыйынтыгы чагылдырылат жана ал коюлган талаптардын маңызы боюнча административдик иш чечилгенде кабыл алынат.

Сот чечиминин маңызы - анын сот адилеттигинин актысы катары чыккандыгында болуп саналат жана ал аркылуу административдик жана башка айкын укуктук мамилелер чөйрөсүндө жарандар менен уюмдардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо камсыз кылынат. Административдик иштер боюнча сот актысынын мааниси анын укуктук анык эместиктерди жойгондугунда турат, актыда сот бийлигинин иш-милдеттеринин аткарылышы чагылдырылат.

Сот актысын кабыл алуу - сотто административдик ишти маңызы боюнча кароонун жыйынтыктоочу этабы болуп саналат. Иш кандай курамдагы сот тарабынан (жекече же коллегиялык) каралгандыгына карабастан, чечим Кыргыз Республикасынын сотунун атынан кабыл алынат, ал эми сот чечимин кабыл алуу жол-жобосу процесстик илимде кеңири иштелип чыккан.

**2. *Илимий натыйжалар.***

1. Изденүүчү жарандык процесстик жана административдик процесстик мыйзамдарды салыштырмалуу талдоонун негизинде "соттук сунуштама" институтунун түшүнүгүн теориялык жактан түшүнүү жөнүндө корутундусун негиздейт.

2. Автор кассациялык сот өндүрүшүнүн мыйзамдуу күчүнө кирген административдик иштер боюнча сот актыларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү боюнча иш-аракеттери катары автордук аныктаманы негиздейт.

3. Автор административдик иштер боюнча даттануу берилиши мүмкүн болгон сот актыларынын тизмесин толуктоону негиздейт.

4. Автор административдик процесстин катышуучуларынын арыздарынын негизинде соттор тарабынан административдик иштер боюнча кабыл алынган чечимдерди жокко чыгаруунун жана жаңы кароого жөнөтүүнүн негиздеринин тизмесин кеңейтүүнү негиздейт.

5. Автор тарабынан административдик иш боюнча сотко катышпаган тараптын даттанууга болгон укугун кеңейтүү максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү негизделет.

6. Автор тарабынан административдик процесстик мыйзамдардан жаңы ачылган жагдайлар боюнча сот актыларын кайра кароо боюнча айрым жоболорду алып салуу боюнча сунуш негизделет.

**3. *Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын негизделүү даражасы.***

1. Иште ченемдик укуктук актыларды, мыйзамдарды жана укук колдонуу практикасын ар тараптуу теориялык жана укуктук талдоонун негизинде “соттук сунуштама” институтунун жоктугу менен ишенимдүү.

2. Иште колдонуудагы мыйзамдардын ченемдериндеги карама-каршылыктарды аныктоо менен тармактык жөнгө салуунун ченемдерин терең салыштырма укуктук талдоонун негизинде ишенимдүү.

3. Иште даттануулар бериле турган сот актыларынын тизмесин түзүү колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин жана алардын укук колдонуу практикасын талдоо менен негизделген жана ишенимдүү.

4. Иште административдик иштер боюнча сот актыларын жокко чыгаруунун негиздеринин тизмесин аныктаган мыйзамдардын бардык ченемдеринин талдоосуна таянат. Теориялык иштелмелер анализи менен ишенимдүү.

5. Иште административдик иштер боюнча сот актыларына даттануу боюнча институтунун абалын талдоонун негизинде, укуктук актылардын жана теоретикалык материалдардын анализи менен ишенимдүү.

6. Иште колдонулуп жаткан административдик процесстик мыйзамдарды терең жана ар тараптуу талдоого негизделген. Теориялык иштелмелер анализи менен ишенимдүү.

***4. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын жаңылык даражасы.***

1. Жаңы болуп эсептелет. Анткени апелляциялык инстанциядагы сот актыларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу соттук сунуштоо институтунун түзүү көйгөйлөрү көрсөтүлгөн.

2. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын учурдагы жарандык процесстик жана административдик процесстик мыйзамдарын талдоо көрсөткөндөй, аларда кассациялык өндүрүштү аныктоого ар кандай көз караштар бар.

3. Жаңы болуп эсептелет. сотко катышпаган адамдар тарабынан административдик иштер боюнча сот актыларына даттануу жагынан мыйзамдарда биринчи жолу олуттуу кемчиликтер аныкталды.

4. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет. Буга чейин мыйзамдарды өркүндөтүү максатында административдик иштер боюнча сот актыларын жокко чыгаруунун негиздерин толуктоо зарылдыгын негиздөө аракеттери болгон.

5. Жаңы болуп эсептелет. Даттануу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе административдик процессте катышпаган адамдар тарабынан келтирүү маселеси демилгеленген.

6. Жаңы. Соттун чечимдерин кайра карап чыгуу боюнча административдик процесстик мыйзамдын жаңы ачылган жагдайларга байланыштуу бөлүгүн өзгөртүү зарылдыгы жөнүндө жоболорду негиздейт.

***6. Эмгектин ички жыйнактуулугуна жана алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана практикалык маселени чечүүгө багытталышына баа.***

Алынган жыйынтыктар бири-бири менен өз ара байланышта жана теориялык жоболорго таянып жасалган.

Иманкулов Эрболот Амантаевичтин “Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо” деген темадагы каралган жоболору Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароонун актуалдуу маселелери ар тараптуу изилденген. Изилдөө анын теориялык жактан иштелип чыгуу деңгээлинин жетишсиздигине байланыштуу келип чыккан. Алынган натыйжалар өз ара байланыштуу жана теориялык принциптерге негизделген. Сунуш кылынган эмгек - Кыргызстандагы административдик иштер боюнча сот органдарынын актыларын кайра карап чыгуу боюнча ар тараптуу жана системалуу изилдөөнүн алгачкы аракеттеринин бири. Диссертацияда бул бир катар жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор камтылган, алар ички бирдикке ээ, бул автордун юридикалык илимге кошкон жеке салымын көрсөтөт

***7. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.*** Диссертацияда аныкталган корутундулар менен сунуштар административдик иштер боюнча соттук кароодо, Административдик укугу жана Административдик процедуралык укугу боюнча атайын курстарды жана сабактары даярдоо үчүн окуу-методикалык аспектиде, ошондой эле лекциялык жана практикалык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот.

***Диссертациянын материалдары төмөнкүдөй документтерде, материалдарда жана иштеп чыгууларда пайдаланылган.*** Диссертацияда жасалган баа берүүлөрдү жана жыйынтыктарды Кыргыз Республикасынын сот органдары тарабынан административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароодо пайдаланышса болот.

***8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгына ырастамалар***


1. Иманкулов, Э.А. Проблемы и особенности восстановления пропущенных процессуальных сроков для обжалования актов об административных правонарушениях [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 175-178
2. Иманкулов, Э.А. Пересмотр определений в административом судопроизводстве: вопросы вопросы теории и практики [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 178-181
3. Иманкулов, Э.А. К вопросу совершенствования процессуальных механизмов обжалования судебных актов по административным делам, не вступивших в законную силу [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 131-134
4. Иманкулов, Э.А. К вопросу обжалования судебных актов в гражданском и административном судопроизводстве [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 134-137
5. Иманкулов, Э.А. Правовое регулирование пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 152-155

6. Иманкулов, Э.А. Актуальны вопросы административного судопроизводства [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 149-152

7. Иманкулов, Э.А. Особенности пересмотра судебных актов по административным делам по вновь открывшимся и новым обстоятельствам в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 5-1. - С. 114-119.

8. Иманкулов, Э.А. К вопросу анализа административно-процессуального законодательства при пересмотре судебных актов в кассационном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 5-1. - С. 119-123.

9. Иманкулов, Э.А. Проблемы производства по пересмотру судебных актов по административным делам в апелляционном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 263-268.

10. Иманкулов, Э.А. К истории развития пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 268-272.

***9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.*** Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы изилдөөдө коюлган максаттар менен маселелерге толугу менен ылайык келет. Авторефераттын кыргыз жана англис тилдериндеги бирдей маанидеги резюмеси бар.

***10. Башкы уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.***

Комиссиянын мүчөсү катары кандидаттык диссертация боюнча төмөнкүдөй дайындоолорду сунуш кылат:

1. башкы уюм – Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинин Административдик жана финансылык укук кафедрасы;

2. расмий оппонент – юридика илиминин доктору, профессор Молдоев Э.Э. (12.00.14);

3. расмий оппонент – юридика илиминин кандидаты Мамыралиев А.А. (12.00.14).

Комиссиянын мүчөсү катары, Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине Иманкулов Эрболот Амантаевичтин 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган “ Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо” деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылам.

***Мүчөсү:***
ю.и.д., доцент Камытов К.Т.

***Колун ырастайм:***
Диссертациялык кеңештин
окумуштуу секретары,
ю.и.к. Анаркулова Э.С.

**02.09.20**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
подпись ________ заверяю
Заведующий ОК № ________ 20__

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Иманкулов Эрболот Амантаевичтин 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы диссертациясына Кыргыз мамлекеттик юридика университетинин жана КР ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Академиясынын эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн корутундусу**

Юридика илиминин докторунун (кандидатынын) окумуштуулук даражасын берүү боюнча Д 12.19.592 диссертациялык кеңешинин мүчөлөрүнөн турган эксперттик комиссиянын мүчөсү, юридика илиминин доктору, профессор Сабырова К.Ж. Иманкулов Эрболот Амантаевичтин кандидаттык диссертациясын, анын илимий жетекчиси, ю.и.д., профессор Рысмендеев Б.Дж. сунушун, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин Административдик жана финансылык укук кафедрасынын оң корутундусун, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча жарыяланган илимий билдирүүлөрдү карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет:

**1. Эмгектин адистикке ылайыктуулугу**

Иманкулов Эрболот Амантаевичтин коргоого сунушталып жаткан "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы кандидаттык диссертациясы Кыргыз мамлекеттик юридика университетинин жана КР ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Академиясынын Юридика илиминин докторунун (кандидатынын) окумуштуулук даражасын берүү боюнча Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет жана 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча паспортко толугу менен жооп берет.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу**

Изилденген теманын актуалдуулугу, эң оболу, мыйзамдуу күчүнө кире элек жана күчүнө кирген сот актыларын кайра кароонун процесстик-укуктук маанилүүлүгү менен алдын ала аныкталган.

Биринчи инстанциядагы сотто соттук жаңылыштыктардын же сот бийлигин кыянаттык менен пайдалануу болгондугун толук жокко чыгарууга иш жүзүндө мүмкүн эмес. Дал ушул себептен улам, турмушта сот актыларын кайра кароо институту келип чыккан.

Административдик иштер боюнча сот актылары апелляциялык, кассациялык, көзөмөлдүк тартипте, ошондой эле жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра каралат.

Мыйзамдуу күчүнө кире элек сот актыларын апелляциялык кайра кароо өз алдынча сот инстанциясы - апелляциялык соттор, ал эми кассациялык кайра кароо – Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан жүзөгө ашырылат.

Апелляциялык жана кассациялык даттануу укугу ишке катышып жаткан бардык жактарга берилген. Биринчи инстанциядагы соттун чечимине ошондой эле ишке катышууга тартылбаган, сот тарабынан укуктары жана милдеттери тууралуу тиешелүү сот актысы кабыл алынган жактар да даттануу бере алышат.

Тиешелүү субъект тарабынан формасы жана мазмуну боюнча коюлуучу талаптар сакталган апелляциялык же кассациялык даттанууну берүү апелляциялык жана кассациялык өндүрүштү милдеттүү түрдө козгоого алып келет.

**3. Илимий натыйжалар.**

Эмгекте төмөндө көрсөтүлгөндөй, илимий жактан негизделген теориялык натыйжалар берилген, ал натыйжалар юридика илимин өнүктүрүү үчүн мааниге ээ:

1- жыйынтык. Изденүүчү тарабынан административдик процесстик мыйзамдарда "соттук сунуштама" институтунун жоктугу аныктады. Бул көйгөй соттук коргонууга укукту камсыз кылууга жана юридикалык аныктык принцибине байланыштуу экендиги негизделет.

2- жыйынтык. "Кассациялык өндүрүш" деген түшүнүк жок болгондуктан, автор анын аныктамасын сунуштап, аны административдик процесстик мыйзамдарда киргизүү керек деген тыянак негизделет.

3- жыйынтык. Диссертант даттанууларды берүүгө, сунуштоолорду келтирүүгө сот актыларынын тизмесин толуктоо зарылдыгын негизделет. Анткени, мындай негиз соттук актылардын тизмегинин жоктугу аларга даттануу келтирип жатканда укуктук бергиздике алып келет.

4- жыйынтык. Изденүүчү мыйзамдарды тутумдаштыруу жана өркүндөтүү контекстинде административдик иштер боюнча соттордун чечимдерин жокко чыгаруунун тизмесин, негиздерин кеңейтүү зарылдыгы негизделет.

5- жыйынтык. Автор тарабынан сотко катышпаган тараптын даттануу берүү укугун чектебөө негизинде Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик мыйзамдарына толуктоолорду киргизүүнү негизделет.

6- жыйынтык. Автор тарабынан административдик процесстик мыйзамынан жаңы ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра кароо негизи катары белгиленген, сот актысын чыгарууга негиз болгон чечимди же административдик актыны жокко чыгаруу негизин алып салууну сунуйтайт. Анткени, бул негиз жаңы ачылган жагдайлар үчүн белгилүү жобо катары эсептелинбеши менен негиздейт.

**4. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын негизделүү даражасы.**

1-жыйынтык. Жыйынтык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ар тараптуу теориялык жана укуктук талдоосуна негизделген жана ишенимдүү.

2-жыйынтык. Жыйынтык ал административдик процесстик мыйзамдардын ченемдерин терең укуктук талдоодо, учурдагы мыйзамдарга бир катар жаңылыктарды киргизүүнүн зарылдыгына негизделген жана ишенимдүү.

3-жыйынтык. Жыйынтык тармактык жөнгө салуунун ченемдерин салыштырмалуу укуктук талдоонун натыйжасында ишенимдүү жана негизделген, бул акыр аягында колдонуудагы мыйзамдардын ченемдериндеги кемчиликтерди аныктоого мүмкүндүк берди.

4-жыйынтык. Жыйынтык административдик иштер боюнча соттук актыларды карап кайра карап жатканда административдик жана процесстик иш-аракеттерди жөнгө салуучу мыйзамдарды талдангандыгы менен ишенимдүү жана негизделген

5-жыйынтык. Жыйынтык бардык мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды изилдөөнүн негизинде административдик процессте соттук актыларды кайра карооло кемчиликтерди көрсөтүп, негизделген. Ченемдик актылар жана теориялык иштелмелер талдангандыгы менен ишенимдүү.

6-жыйынтык. Жыйынтык жаңы ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра кароо жарандык процесстик жана административдик процесстик мыйзамдарды ар тараптуу жана деталдуу талдоомонен негизделген жана ишенимдүү.

**5. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын жаңылык даражасы**

1-жыйынтык. Жыйынтык жаңы. Анткени автор соттук сунуштама институтунун жоктугун жана Кыргызстандын административдик процесстик мыйзамдарына киргизүү зарылдыгын аныктайт

2-жыйынтык. Жыйынтык жаңы. Азыркы учурдагы административдик процесстик мыйзамдарды талдоого негизделген, ал кассациялык процесстердин жол-жобосун аныктайт.

3-жыйынтык. Жыйынтык жаңы. Анткени автор тармактык жөнгө салуунун олуттуу кемчиликтерин аныктайт жана аларды чечүү жолдорун негиздейт..

4-жыйынтык. Жыйынтык жаңы. Анткени изденүүчү учурдагы мыйзамдарга административдик иштер боюнча сот чечимдерин жокко чыгаруунун негиздерин кеңейтүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын негиздейт.

5-жыйынтык. Жыйынтык жарым-жартылай жаңы. Буга чейин башка авторлор административдик иштер боюнча даттануу бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына толуктоолорду киргизүү маселесин көтөрүүгө аракет кылышкан.

6-жыйынтык. Жыйынтык жаңы. Биринчи жолу жаңы ачылган жагдайлар боюнча чечимди кайра карап чыгуу үчүн негизди мыйзамдан алып салуу зарылдыгы далилденди.

**6. Эмгектин ички жыйнактуулугуна жана алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана практикалык маселени чечүүгө багытталышына баа.**

Иманкулов Эрболот Амантаевчтин коргоого сунушталып жаткан "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын жоболору Кыргыз Республикасынын административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароо маселелерин ар тараптуу изилдөөдөн турат. Диссертацияда аныкталган корутундулар менен сунуштар сот системасында, Административдик укугу жана Административдик процедуралык укугу боюнча атайын курстарды даярдоо үчүн окуу-методикалык аспектиде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын административдик процесстик мыйзамдарын оптималдаштыруу боюнча иш процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгына ырастамалар**

1. Иманкулов, Э.А. Проблемы и особенности восстановления пропущенных процессуальных сроков для обжалования актов об административных правонарушениях [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 175-178

2. Иманкулов, Э.А. Пересмотр определений в административом судопроизводстве: вопросы вопросы теории и практики [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 178-181

3. Иманкулов, Э.А. К вопросу совершенствования процессуальных механизмов обжалования судебных актов по административным делам, не вступивших в законную силу [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 131-134

4. Иманкулов, Э.А. К вопросу обжалования судебных актов в гражданском и административном судопроизводстве [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 134-137

5. Иманкулов, Э.А. Правовое регулирование пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 152-155

6. Иманкулов, Э.А. Актуальны вопросы административного судопроизводства [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 149-152

7. Иманкулов, Э.А. Особенности пересмотра судебных актов по административным делам по вновь открывшимся и новым обстоятельствам в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 5-1. - С. 114-119.

8. Иманкулов, Э.А. К вопросу анализа административно-процессуального законодательства при пересмотре судебных актов в кассационном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 5-1. - С. 119-123.

9. Иманкулов, Э.А. Проблемы производства по пересмотру судебных актов по административным делам в апелляционном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 263-268.

10. Иманкулов, Э.А. К истории развития пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 268-272.

**8.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы изилдөөдө коюлган максаттар менен маселелерге толугу менен ылайык келет. Ошондой эле авторефераттын кыргыз жана англис тилдериндеги бирдей маанидеги резюмеси бар.

**9. Башкы уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Комиссиянын мүчөсү катары кандидаттык диссертация боюнча төмөнкүдөй дайындоолорду сунуш кылат:

- башкы уюм – Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинин Административдик жана финансылык укук кафедрасы;

- 1 расмий оппонент – Молдоев Э.Э., юридика илиминин доктору, профессор (12.00.14);

- 2 расмий оппонент – Мамыралиев А.А., юридика илиминин кандидаты (12.00.14).

Комиссиянын мүчөсү катары, Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине Иманкулов Эрболот Амантаевичтин 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган " Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылам.

**Комиссиянын мүчөсү:**
Юридика илиминин доктору, профессор К.Ж.Сабырова

**Комиссиянын мүчөсүнүн колун ырастайм:**
Диссертациялык кеңештин окумуштуу секретары, юридика илиминин кандидаты Э.С.Анаркулова

03.09.2020

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
подпись ________ Заверяю
№ ________ 20 __ г.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Иманкулов Эрболот Амантаевичтин 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы диссертациясына Кыргыз мамлекеттик юридика университетинин жана КР ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Академиясынын эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн корутундусу**

1. Эмгектин адистикке ылайыктуулугу.

Иманкулов Эрболот Амантаевичдин коргоого сунушталып жаткан "Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо" деген темадагы кандидаттык диссертациясы Кыргыз мамлекеттик юридика университетинин жана КР ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Академиясынын Юридика илиминин докторунун (кандидатынын) окумуштуулук даражасын берүү боюнча Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет жана 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча паспортко толугу менен жооп берет.

2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.

Сот жаңылыштыктарын ачып көрсөтүү жана жоюу боюнча милдеттерди аткаруу үчүн кандай болбосун мамлекетте мыйзам чыгаруучу сот актыларын текшерүүнүн жана кайра карап чыгуунун натыйжалуу системасын түзүүгө аракет жасалат. Ушуну менен бирге, бардык кызыкдар жактардын соттук коргоого конституциялык укуктун ажырагыс элементи болуп саналган сот актысын талашууга болгон субъективдүү процесстик укуктарын камсыздоо зарылчылыгы да эске алынат. Укуктук жөнгө салуунун көрсөтүлгөн максаттарынын бардыгы соттук коргоонун мыйзамдуулугу, диспозитивдүүлүгү жана жеткиликтүүлүгү сыяктуу жарандык жана административдик сот өндүрүшүн ишке ашыруу үчүн өз алдынча пайдубал катары кызмат кылмакчы.

Административдик иштер боюнча сот актыларын текшерүү тигил же бул себептерге байланыштуу апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттор тарабынан ачыкталбаган жана жоюлбаган сот жаңылыштыктарын жоюуга мүмкүндүк берет. Муну ал тургай сот өндүрүшүнүн эң мыкты процесстик-укуктук регламентациясы иштеп турганда да жокко чыгарууга болбойт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында мамлекеттеги сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазыктык, административдик жана башка сот өндүрүшү аркылуу жүзөгө ашырыла тургандыгы так берилген.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Иманкулов Эрболот Амантаевичтин жасаган изилдөөсү абдан эле актуалдуу жана учурдун талабына ылайык деген тыянак чыгарууга болот.

3. Илимий натыйжалар.

Эмгекте төмөндө көрсөтүлгөндөй, илимий жактан негизделген теориялык натыйжалар берилген, ал натыйжалар юридика илимин өнүктүрүү үчүн мааниге ээ:

**1-натыйжа.** Автор тарабынан «соттук сунуштама» институтун киргизүү сунушталууда, мунун алдында биринчи инстанциянын судьялары тарабынан жүзөгө ашырылуучу апелляциялык инстанциянын алардын актыларын жокко чыгаруу жана алардын сунуштамаларын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун кассациялык инстанциядагы сотунун соттук жыйынында кароо үчүн өткөрүп берүү тууралуу чыгарган актыларынын негиздүүлүгүн контролдоо түшүндүрүлөт. Белгилүү болгондой, Жогорку сот апелляциялык тартипте сот актысын кайра кароонун алкагында чечимдерди кабыл алууда апелляциялык инстанциянын соттору кетирген кыйгап өткүс кемчиликтерди компенсациялоо милдети тагылган.

**2-натыйжа.** Автор тарабынан кассациялык өндүрүш түшүнүгүн автордук чечмелөө иштелип чыккан.

**3-натыйжа.** Автор тарабынан даттануу берилип, сунуштама (көрсөтмө) келиши мүмкүн болгон сот актыларынын тизмеги негизделет.

**4-натыйжа.** Автор тарабынан административдик иштер боюнча сот жокко чыгарылган чечимдердин тизмегин, негиздерин кеңейтүү жана аны ишке катышып жаткан жактардын даттануулары жана прокурордун көрсөтмөлөрү боюнча жаңыдан кароого жөнөтүү зарылчылыгы сунушталат.

**5-натыйжа.** Автор тарабынан мурда сотко катышпай келген жана чыгарылган сот актысы тууралуу ишке катышкан башка жактардын даттануусу боюнча апелляциялык тартиптеги кайра кароодон кийин даттануу берүү укугун киргизүү зарылчылыгы негизделет.

**6-натыйжа.** Автор тарабынан сот актысынын чыгарылышына негиз болуп берген соттун актысын же административдик органдын актысын жокко чыгаруу катары кайтадан ачылган жагдайлар боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген чечимди кайра кароо үчүн негиздерди колдонуудагы административдик-процесстик мыйзамдардан алып салуу зарылдыгы негизделет.

4. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын негизделүү даражасы.

**1- натыйжа.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик мыйзамдарына "соттук сунуштама" институтун киргизүү ата-мекендик жана айрым чет өлкөлөрдүн административдик мыйзамдарын ар-тараптуу теоретика-укуктук анализдөөдөн түшүндүрмө

жасалган. Атайын адабияттар менен жана мыйзамдарды анализдөө менен ишенимдүү.

**2- натыйжа.** Автор тарабынан кассациялык өндүрүш түшүнүгүн чечмелөө Кыргыз Республикасында административдик мыйзамдарда жана укук колдонуу тажырыйбасында мындай чечмелөө жок болгондугуна байланыштуу негизделген. Атайын адабияттар менен жана мыйзамдарды анализдөө менен ишенимдүү.

**3- натыйжа.** Автор тарабынан даттануу берилип, сунуштама (көрсөтмө) келиши мүмкүн болгон сот актыларынын тизмеги илимий-укуктук талдоо жана укуктук статистикалар менен негизделген. Колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**4- натыйжа.** Автор тарабынан сот актыларын жокко чыгаруу үчүн негиздерди толуктоо жана административдик иштер боюнча сот чечимдерин кароо институтун бекемдөө зарылчылыгы негизделген жана ишенимдүү.

**5- натыйжа.** Административдик мыйзамдарды өркүндөтүү талап кылынат, ал эми ишенимдүүлүк, ченемдик укуктук актыларды жана укук колдонуу практикасын талдоонун негизинде жүргүзүлүп негизделген жана ишенимдүү.

**6- натыйжа**. Автор тарабынан мыйзам ченемдерин жана чет мамлекеттердин тажрыйбасын талдоонун негизинде административдик мыйзамдарды өркүндөтүү зарылдыгы негизделген жана ишенимдүү.

5. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын жаңылык даражасы.

**1- натыйжа**. Жаңы. Анткени, мурда "соттук сунуштама" институтунун улуттук мыйзамдарында жоктугун аныктайт.

**2- натыйжа**. Жаңы. Анткени, кассациялык өндүрүш түшүнүгүнүн өздүк формуласы административдик процесстик мыйзамдарда соттун процессуалдык иш-аракети катары берилген.

**3- натыйжа**. Жаңы. Анткени, административдик процесстик мыйзамдардагы кемчиликтер аныкталган жана анда Кыргызстандын колдонуудагы мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча автордук сунуштар камтылган.

**4- натыйжа**. Жаңы. Анткени, сот чечимдерин жокко чыгаруунун негиздеринин тизмесин толуктоо сунушталууда.

**5- натыйжа**. Жаңы. Анткени, автор административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароого байланыштуу административдик мыйзамдарды толуктоо маселелерин көтөргөндүгүн эске алуу менен биринчи жолу жүргүзүлүп жатат.

**6- натыйжа**. Жарым-жартылай жаңы. Анткени, мурда буга чейин административдик мыйзамдардагы мүчүлүштүктөрдү жоюу зарылдыгын жоюу аракеттери болгон.

6. Эмгектин структурасы коюлган максат менен маселелерге ылайык келет жана ички жыйнактуулук, бир бүтүндүк бар.

Иманкулов Эрболот Амантаевичтин "Кыргыз Республикасындагы административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароо" темасындагы жоболору, административдик иштер боюнча сот актыларын кайра карап чыгуу боюнча ар тараптуу изилдөөнү билдирет. Изилдөө анын теориялык жактан иштелип чыгуу деңгээлинин жетишсиздигине байланыштуу. Алынган натыйжалар өз ара байланышта жана колдонулуп жаткан теориялык принциптерге негизделген. Сунуш кылынган эмгек - бул Кыргызстандагы административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароо жаатында комплекстүү жана системалуу изилдөөнүн алгачкы аракеттеринин бири.

Диссертацияда бир катар жаңы илимий жыйынтыктар жана ушул маселе боюнча жоболор камтылган, ички биримдиги бар, бул автордун юридикалык илимге кошкон жеке салымы болуп эсептелет.

Административдик иштер боюнча сот актыларын кайра карап чыгуу боюнча учурдагы көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолдору жетиштүү негизделген жана буга чейин болгон чечимдерге салыштырмалуу сынчыл баа берилген.

7. Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык мааниси.

Иманкулов Эрболот Амантаевичтин кандидаттык диссертациясында алынган диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин окуу процессине "Административдик-процесстик укук" жана "Административдик укук" сабактары боюнча лекциялар жана практикалык сабактар учурунда киргизилиши мүмкүн.

Түзүлгөн теориялык аныктамалар жана тыянактар Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароо маселелерин теориялык жактан андан ары иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгына ырастамалар.

1. Иманкулов, Э.А. Проблемы и особенности восстановления пропущенных процессуальных сроков для обжалования актов об административных правонарушениях [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 175-178

2. Иманкулов, Э.А. Пересмотр определений в административом судопроизводстве: вопросы вопросы теории и практики [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2016. – №4. – С. 178-181

3. Иманкулов, Э.А. К вопросу совершенствования процессуальных механизмов обжалования судебных актов по административным делам, не

вступивших в законную силу [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 131-134

4. Иманкулов, Э.А. К вопросу обжалования судебных актов в гражданском и административном судопроизводстве [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – №1. – С. 134-137

5. Иманкулов, Э.А. Правовое регулирование пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 152-155

6. Иманкулов, Э.А. Актуальны вопросы административного судопроизводства [Текст] / Э.А. Иманкулов // Вестник КГЮА. – 2017. – № 4. – С. 149-152

7. Иманкулов, Э.А. Особенности пересмотра судебных актов по административным делам по вновь открывшимся и новым обстоятельствам в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 5-1. - С. 114-119.

8. Иманкулов, Э.А. К вопросу анализа административно-процессуального законодательства при пересмотре судебных актов в кассационном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 5-1. - С. 119-123.

9. Иманкулов, Э.А. Проблемы производства по пересмотру судебных актов по административным делам в апелляционном порядке в Кыргызской Республике [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 263-268.

10. Иманкулов, Э.А. К истории развития пересмотра судебных актов по административным делам [Текст] / Э.А. Иманкулов // Полиязычный международный научный журнал «Modern Science». - 2020. - № 6-3. - С. 268-272.

9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы изилдөөдө коюлган максаттар менен маселелерге толугу менен ылайык келет. Ошондой эле авторефераттын кыргыз жана англис тилдериндеги бирдей маанидеги резюмеси бар.

10. Башкы уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.

Комиссиянын мүчөсү катары кандидаттык диссертация боюнча төмөнкүдөй дайындоолорду сунуш кылат:

- башкы уюм катары Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинин Административдик жана финансылык укук кафедрасы;

- биринчи расмий оппонент – ю.и.д., профессор Молдоев Э.Э. (12.00.14);

- экинчи расмий оппонент – ю.и.к. Мамыралиев А.А. (12.00.14).

Комиссиянын мүчөсү катары, Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине Иманкулов Эрболот Амантаевичтин 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган “Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча соттук актыларын кайра кароо” деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылам.

**Комиссиянын мүчөсү:**
**Юридика илиминин доктору,**
**профессор** **Базарбаев Э.Б.**

**Комиссиянын мүчөсүнүн колун ырастайм:**
**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу секретары,**
**юридика илиминин кандидаты** **Анаркулова Э.С.**

**02-сентябрь 2020-жыл**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
подпись заверяю
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ